# Кош терек




Автор: Гүлжан Ишеналиева
Сүрөтчү: Жыргал Касмамытова

# Кош терек

Автор: Гүлжан Ишеналиева
Сүрөтчү: Жыргал Касмамытова

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Кош терек" (кыргыз тилинде), автор Гүлжан Ишеналиева, сүрөтчү Жыргал Касмамытова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Жакып менен Чыңгыз  айыл четинде ойноп жүрүштү. Алар жанаша өскөн теректин жанына келишти. Мынчалык чоң теректерди балдар таңыркай карап турушту.

– Чыңгыз, карасаң! Аябай чоң бак экен, ээ?

– Ай-иий! Алыстан анча чоң көрүнбөгөнү менен, жанынан караганда, өтө бийик тура. Мен мындай бакты көрө элекмин!

– Кел, экөөбүз кулачтайлы.

Балдар бактын бирин экөөлөп кулачтап көрүштү. Бирок кучактары жеткен жок.


– Бул бактарды ким тикти болду экен? – Балдар кызыгып калышты.

– Чыңгыз, кел чоң энемден сурап көрөлү. Чоң энем баарын билет.

Алар жарыша чуркап айылга келишти.

– Чоң эне, чоң эне, биз аябай бийик, жоон бактарды көрдүк, – деди Жакып шаша.






– Ооба, чоң эне! Ушунчалык жоон экен, биз кулачтарыбызды бириктирсек да жеткен жок! – деп кулачын жайып көрсөтүп жатты Чыңгыз.

– Аларды ким тиккен же өздөрү эле өстүбү? – деп шашыла сурашты.

– Келгиле,  балдарым, – деп чоң эне экөөнү эки жагына отургузуп алып, кош теректин баянын баштады...

– Мындан бир топ жыл илгери, силердей кичинекей Талант менен Абдыракман аттуу эки дос болгон. Алар ошол терек өскөн жакка барып көп ойношчу. Экөө достугун бекемдөө үчүн эрте жазда кичинекей көчөттөрдү отургузушкан. Тез-тез сугарып, теректерди жакшы карашчу.

Теректер бийик болуп жанаша өсүп чыкканда, элдер ал жерди “Кош терек” деп атап алышты.



Талант менен Абдыракман чоңоюшканда, ашар жолу менен бала бакча курганга жардам беришкен. Бала бакча «Кош терек» деп аталып калган. Ал бакча азыр да сонун иштеп жатат, – деп чоң эне балдарды кыса кучактады.

– Чоң эне, Талант деген менин чоң атам го? – деди таңдана Жакып.

– Абдыракман...менин чоң атам да. “Кош терек” биз кичинекей кезибизде барган бала бакча да... – деди Чыңгыз таңкала.

Чоң әненин жүзүн жылмаюу каптап:

– Ооба, балдарым. Алар силердин чоң атаңар.

– Чоң эне, биз да ошондой кош терек отургузсак болобу? – деди Чыңгыз толкундана.



Жакып менен Чыңгыз жаңы көчөттөргө орун караш үчүн «Кош теректи» көздөй жүгүрүп кетишти...



АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

Автор: Гүлжан Ишеналиева
Сүрөтчү: Жыргал Касмамытова

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли